# Бул кызыктуу


## Кеңири тараган эң байыркы фейк




Төө куштар кантип башын кумга катып алышат, бул тууpасында ойлонуп көрдүңөр беле? Бул кандай болушу мүмкүн? Анын баш сөөгү абдан бекем жана учтуу болушу керек эмеспи, ал эми моюну башын кумдун астына катып алууга жардам берип турушу керек.

**Чындыгында, бул фейк.**
Фейктин алгачкы авторлору болуп рим легионерлери эсептелет. Африкага болгон сапарынан кийин алар коркунуч келген учурларда башын кумга катып алган канаттуу тууpасында миф таратышкан.
Бир нече мин жылдыктын ичинде бул миф ушунчалык сүңгүп киргендиктен, айрым элдердин фольклорунда да кездешет. “Башын кумга катып алуу” – демек реалдуулуктан качуу.

Рим легионерлери эмне үчүн төө куш башын кумга катып алат деп ойлоп калышканы боюнча эки версия бар. Биринчиси, төө куш коркунуч келген учурларда жашынганга аракет кылып, жерге жатып алат.




**Экинчи түшүндүрмөсү,** төө куштар тамакты жакшы сиңирүү үчүн майда таш, кум жутушат. Ошондуктан алар жерге эңкейишет.




**Факт жана сүрөттөрдүн булактары:**

**Тема боюнча видео:**